**И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.23.662 диссертациялык кенештин эксперти педагогика илимдеринин доктору, доцент Ажибаева Айнура Жакшымбековнанын 13.00.01 — Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы» адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Кошалиева Салтанат Шайдуллаевна «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогика.лык шарттары» деген темадагы диссертациясыны**

ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМҮ

Изденүүчү Кошалиева Салтанат Шайдуллаевна "Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары" аттуу темадагы диссертациясын жана авторефератын карап чыгып, эксперт төмөндөгүдөй бүтүмгө келди:

**1**.Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин шайкеш келиши**.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Ал камтыган мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоо боюнча маселелери терең жана системдүү изилденип, "технология", "педагогикалык технология", "ден соолукту сактоочу технология" түшүнүктөрүнүн мааниси такталган.

Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогика.лык шарттарын кароодо негизги илимий-педагогикалык ыкмаларга талдоо жүргүзүлүп аныкталган. Балдардын ден соолугун чыңдоодо колдонулуучу педагогикалык технологиялардын модели жана анын натыйжалуулугунун сунуштары иштелип, эксперименталдык жактан негизделген.

Иштин мазмуну 13.00.01 — жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине жооп берүүчү маанилүү илимий проблемага, тактап айтканда, мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун

чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогика.лык шарттарын аныктоо боюнча изилдөөгө багытталган.

## 2.Диссертациялык иштин максаты.

Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарын аныктоо, моделин түзүү жана эксперимент аркылуу текшерүү.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткарууга багытталган:

1. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуу боюнча теориялык концепцияны тактап, ата-энелердин жана мугалимдердин ролун аныктоо.
2. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана теориялык моделин иштеп чыгуу.
3. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологиялардын колдонуунунун педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун эксперименталдык түрдө текшерүү.

**Изилдөөнүн объектиси** — мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги ден соолукту сактоочу педагогикалык технологиялар.

**Изилдөөнүн предмети:** мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөткөн ден соолукту сактоочу педагогикалык технологияларды пайдалануу боюнча окуу-тарбиялык процесс.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

«Мектепке чейинки тарбия концепциясында» балалык мезгилдин өзүнчө баалуулугу жана баланын бактылуу болуу укугу, баланын ден соолугун (дене боюн, психикасын) чыңдоонун жана коргоонун приоритеттүүлүгү баса белгиленет. Инсандын жалпы маданиятынын негизи мектепке чейинки балалык

куракта түптөлөт, анын компоненти ден соолук маданияты болуп эсептелет. Коомдогу кырдаал, педагогдон баланы өнүктүрө турган адис катары профессионалдуулугунун деңгээлин, ден соолук проблемасына карата инновациялык көз караштарды жана баланын ден соолуктун бекем пайдубалына ээ болушуна мүмкүнчүлүк берүүчү чечкиндүү аракеттерди талап кылат.»

«2018-2040-жылдарда Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында», Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды карап, багуу» Мамлекеттик билим берүү стандартында, 3-6 жаштагы балдарды өнүктүрүүнүн «Балалык» программасында, «Наристе» жана башка мамлекеттик жана программалык документтерде базалык улуттук баалуулуктар бөлүп көрсөтүлөт, Кыргызстандын жаранын рухий-нравалык жактан өнүктүрүүнүн жолдору аныкталат.

Балдар бакчасындагы ден соолукту сактоочу технологиялар — бул балдардын ден соолугун жакшыртуу жана колдоо максатындагы заманбап технологиялар менен инструменттер болуп саналат. Алар дене-бой активдүүлүгү, тамактануу, гигиена, ден соолук мониторинги жана билим берүү программалары аркылуу балдар бакчасында ар кандай аспектте колдонулушу мүмкүн экендиги белгиленет.

Мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы менен практикасында ден соолукту сактоочу технологиялардын мазмуну жана колдонулушу жетишерлик иштелип чыкпагандыктан, бүгүн ал олуттуу проблемага айланган. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ден соолукту сактаган билим берүү процессин өркүндөтүүчү багыттардын бири — ден соолукту сактоочу чөйрөнү түзүүгө өтүү болуп эсептелет.

Изилдөөдө мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ден соолукту сактоочу технологиялардын методдорун жана формаларын өркүндөтүү жана ишке ашыруу маселеси каралган.

Диссертациянын темасы мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологияларын изилдөөгө арналган. Диссертациялык иштин темасы актуалдуу.

Изилдөөнүн актуалдуулугу расмий документтерде, концептуалдык жана стратегиялык мүнөздөгү документтеринде белгиленген.

Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологияларын изилдөө маселесин чечүү заманбап

педагогика илиминин эң маанилүү жана актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат. Бул маселе изилдөөнүн көйгөйүн актуалдаштырат. Изилдөө социалдык, педагогикалык, практикалык жактан зарыл болгон маанилүү жана актуалдуу проблеманы чечүүгө арналган.

**3. Илимий натыйжалар**

Диссертациялык иште коюлган милдеттерге ылайык натыйжалар алынган.

**3.1.** Ден соолукту сактоого багытталган педагогикалык технологиялар жөнүндөгү психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдү иликтеп, окуу жана мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу заманбап технологияларды мүнөздөө аркылуу, мектепке чейинки курактагы улуураак балдардын ден соолугун чыңдоо камсыздалды. Бул педагогикалык процесске ден соолукту жакшыртуучу багытындагы уюштуруучулук-педагогикалык технологияларды жаратуу жана колдонуу менен ишке ашырылды.

Ден соолукту сактоочу педагогикалык технологияларды комплекстүү колдонуу ден соолукту жакшыртуучу педагогикада бир бүтүндөгү процесс катары окутуунун бир тепкичинен экинчисине өтүүнү камсыз кылды жана анда үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүлүп, педагогикалык процесске коррекция киргизүү үчүн негиз болуп берди. Бул натыйжа деп кабыл алсак болот.

Мектепке чейинки курактагы балдарды өнүктүрүү өзүнө билимдин жашоо үчүн маанилүү бардык тармактары боюнча ишти камтыйт. Бул иште «ден соолук» деген термин дене-бойдун, акылдын, психикалык жана социалдык сак-саламаттыгы катары, адамга өзүнүн өмүрүндө активдүү болууга мүмкүнчүлүк берген организмдин гармониялуу абалы катары каралган.

Мектепке чейинки курактагы балдарды сергек жашоо образына тарбиялоо, курактык өзгөчөлүктүн факторлорун сактоо (оптималдуу кыймылдоо жүгү, эртең мененки зарядка, өздүк гигиена, организмди чыңдоо, рационалдуу тамактануу, жагымдуу эмоциялар) каралган жана төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

1. Бүгүнкү күндөгү мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугунун проблемасы боюнча психологиялык-педагогикалык адабияттарга анализ жүргүзүү.

2. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун сактоо жана чыңдоо боюнча балдар бакчасынын иштөө методдорун жана негизги формаларын белгилеп көрсөтүү.

3. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын балдардын ден соолугун сактоо жана чыңдоо боюнча ишинин мазмунун аныктоо.

4. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоо максатында ата-энелер менен иштөө боюнча долбоор иштеп чыгуу. Коюлган милдеттерди аткарыш үчүн мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоонун теориялык негиздери иликтенген.

3.2. Педагогикалык шарттарды ачып көрсөтүү жана мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөткөн мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ден соолукту сактоочу технологияларды пайдалануунун педагогикалык шарттары тандалып алынып, анын модели түзүлдү. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоонун педагогикалык шарттары: сергек жашоо образынын принциптерине негизделген программа иштелип чыкты жана практикада колдонулду; педагогикалык технологиялардын интеграциясы; жеке жана дифференциалдашкан мамиле; окутуунун оюн жана активдүү формасына негизделген педагогикалык технологиялар балдардын ден соолугун чыңдоого жардам берди. Бул натыйжа жаңы деп кабыл алсак болот.

Ден соолукту калыптандыруу — бир катар факторлор менен жөнгө салынуучу процесс, ошолордун негизгилери — адамдын жашоо образы же айлана-чөйрөнүн абалы деп берилет. Жашоо образы үч категориядан турат: жашоонун деңгээли, жашоонун салты жана жашоонун стили. Бүгүн өзгөчө курч проблема турат: коомдо ооруга караганда ден соолуктун приоритети калыптандырылышы керек. Бул приоритет ден соолук маданияты аркылуу бала кезден жадыга киргизилүүчү дене-бойлук, психологиялык, нравалык сапаттар аркылуу калыптандырылышы мүмкүн экени белгиленет.

Бүгүнкү күндө ден соолукту сактоочу технологияларды пайдалануу мектепке чейинки курактагы балдардын улууракктарынын ден соолугун чыңдоодо, бакубаттандырууда мааниси зор, алар мектепке чейинки уюмдарда башкы маселелерди чечүүгө активдүү жардам беришет, мектепке чейинки билим берүүнүн сапатын жогорулатат, балдарды тарбиялоодо ден соолук сактоочу компетенттүүлүктүн негизин калыптандырууда зор роль ойнойт деп белгиленет.

Ата-энелер менен өз ара аракеттенүүнү консультация берүүнүн жана агартуунун салттуу формалары катары, кызматташуунун, пикир алышуунун кеңдигин өнүктүрүү боюнча биргелешкен (балдар жана ата-энелер) семинар-тренингдин бир топ формасы катары чечиле турган маанилүү маселе катары кароо керек экени айтылат.

Гармониялуу өнүккөн, дени сак инсанды калыптандырууда ден соолукту сактоочу билим берүү чөйрөсү принципиалдуу мааниге ээ болот.

Булар социалдык-гигиеналык, психологиялык-педагогикалык, моралдык-этикалык, дене тарбиялык-бакубаттандыруучу, билим берүүчү системалык чаралар комплекси. Алар баланын психикалык жана дене-бойлук сак-саламаттыгын, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде жана үй-бүлөдө комфорттуу моралдык жана тиричиликтин чөйрөсүн камсыз кылат.

Мектепке чейинки курактагы балдардын улуураактарынын ден соолукту сактоочу компетенциялардын негизин калыптандыруунун педагогикалык шарттарын сактоо балдардын өнүгүүсүндө сапаттуу өзгөрүүлөрдүн пайда болушун, педагогикалык процесстин бүтүндүгүн жана максаттардын комплекстүүлүгүн, билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын өз ара педагогикалык аракетинде тең укуктуу өнөктөштүгүн жана активдүүлүгүн камсыз кылууга көмөк көрсөтөрү белгиленет.

**Изилдөөнүн төмөнкү методдору пайдаланылган:**

**Теориялык методдор:** психологиялык-педагогикалык, философиялык адабияттарды, монографиялык материалдарды, окуу-методикалык адабияттарды анализдөө; салыштыруу; жалпылоо; моделдөө.

**Эмпирикалык методдор:** педагогикалык байкоолор, аңгемелешүүлөр, диагностикалык (сурамжылоо), мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдорунун алдынкы тажрыйбаларын иликтөө жана жалпылоо, проблемалуу кырдаалдарды, чыгармачылык тапшырмаларды моделдештирүү, педагогикалык эксперименттер методу.

**Статистикалык методдор:** маалыматтарды иштеп чыгуу үчүн сандык жана сапаттык методика, эксперименттин материалдарын таблица түрүндө көрсөтүү, жаңы фактыларды жана конкреттүү шарттарды эсепке алуу менен изилдөөнүн натыйжаларын интерпретациялоо методдору пайдаланылган.

Мектепке чейинки уюмдардагы ден соолукту сактоочу билим берүүчү технологиялар — валеологиялык маданиятты же мектепке чейинки дене маданиятын тарбиялоо технологиясы. Анын максаты: баланы ден соолукка жана адам өмүрүнө маани берип мамиле кылууга тарбиялоо, ден соолук жөнүндө билим топтоо жана аны сактоо, колдоону жана кам көрүүнү билүүнү өнүктүрүү.

Азыркы ден соолук сактоочу технологияларды пайдалануу баланын инсандык чөйрөсүнүн баарын, анын бардык сапаттарын жана мүнөздөрүн өнүктүрүүнүн кепилдиги экени айтылат.

**3.3.** Ден соолукту сактоочу технологиялардын моделин ишке киргизүү боюнча эксперименталдык иш жүргүзүү жана алардын мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоо боюнча натыйжалуулугун далилдөө.

Ден соолукту сактоочу технологиялардын моделин ишке киргизүү боюнча эксперименталдык иш жүргүзүлүп, алардын мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоо боюнча натыйжалуулугу далилденди. Ден соолукту сактоочу педагогикалык технологиялардын натыйжалуулугунун критерийлери — баалуулуктар ориентациясын өзгөртүү, билим берүү процессиндеги субъекттердин керектөө-мотивациялык чөйрөсүнүн сергек жашоо образына багытталышы. Педагогикалык технологияларды пайдалануу аркылуу сергек жашоо образы жөнүндө 5-6 жашар балдарда калыптанган системдик билимдердин натыйжалары жогорку деңгээл 20%дан 40%га көтөрүлдү, ал эми төмөнкү деңгээл 35%дан 15%га түштү. Бул натыйжа жаңы деп кабыл алсак болот. Эксперимент аркылуу 5-6 жашар балдардын сергек жашоо образы жөнүндөгү системдик билимдеринин калыптануу мүмкүнчүлүгүн текшерүү зарылчылыгы болгон. Эксперименталдык иш төрт этап менен ишке ашырылган. Констатациялык эксперимент 5-6 жаштагы балдардын ден соолукту чыңдоо жөнүндөгү калыптанган системдик билимдеринин деңгээлин ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берген.

Балдардын көбүндө педагогикалык технологияларды пайдалануу аркылуу жетишилүүчү сергек жашоо образы жөнүндөгү калыптанган системдик билимдердин ортоңку жана төмөнкү деңгээлдери басымдуулугу белгиленет.

Калыптандыруучу эксперимент педагогикалык технологияларды пайдалануу аркылуу ишке ашуучу сергек жашоо образы жөнүндө 5-6 жаштагы балдардын системдик билимдерин калыптандыруу максатында эксперименттерди уюштурууну жана мазмунун текшерүүнү иштеп чыгууга багытталган.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү**

Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин педагогдору үчүн методикалык сунуштамалар иштелип чыгып жана практикада апробацияланган:

— мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде ден соолукту сактоочу педагогикалык технологияларды пайдалануу;
— ден соолукту сактоочу педагогикалык технологиялардын сапатын баалаган методдордун комплекси болуп көрсөтүлгөн.

**5. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы теманын негизделишине, изилдөөнүн проблемалуулугуна, максаты менен милдеттерине, илимий жаңылыгына, илимий-теориялык жана практикалык маанисинин аныкталышына, коргоого коюлуучу негизги жоболорго, изденүүчүнүн жеке салымына, иштин натыйжаларынын тастыкталышына, диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыялануусунун толуктугуна, изилдөөнүн структурасына толугу менен дал келет.

**6. Диссертациялык иште орун алган мүчүлүштүктөр:**

Диссертацияда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен бирге айрым кемчиликтер орун алган:

1. Диссертациянын 13, 14, 17, 86, 96-беттеринде окумуштуулардын эмгеги адабияттардын тизмесине дал келбейт, мисалы, Р.Е.М. Полетаева, С.М. Симоненко, М. Субанова ж.б.
2. 3-параграфтын аталышы мазмундагы берилген аталышы менен бирдей берилүүсү сунушталат.
3. Диссертациянын 92-бетинде педагогикалык технологиялар боюнча изилдөөдө методдор кеңири пайдаланылат деп берилген. Колдонулган методдордун практикалык берүүчүлүгү жакшыраак чагылдырылса жакшы болмок.
4. Диссертациянын 100-бетинде ден соолукту сактоочу компетенттүүлүктүн негиздерин калыптандырууга көмөк көрсөткөн окутуучунун методдорунун салттуу квалификациясын пайдаландык деп берилген. Натыйжалары берилбей калган.
5. Диссертациянын 138, 141, 144, 146, 149-беттеринде педагогикалык технологияларды пайдаланган сергек жашоо образы жөнүндөгү аң-

гемелешүүлөр, ден соолуктун маданий-гигиеналык иш-чараларга көз караштагы элестетүүлөрдүн калыптанган деңгээлин (Б тиркемеси), сергек жашоо образын карманyу ыкмалары (В тиркемеси) берилген. Бирок диссертацияда тиркемелер деген жок.

6. Айрым техникалык, грамматикалык, орфографиялык каталарга жол берилген.

**7.** Кошалиева Салтанат Шайдуллаевна «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 — жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн жазылган диссертациясы жеке аткарылып, толук аяктаган эмгек болуп эсептелет. Анын илимий жыйынтыктары, жаңылыгы жана ынанымдуулугу менен айырмаланат. Изденүүчүнүн жеке салымы, ага таандык идея эксперименталдык ырастоо негизинде жогорку деңгээлде иштелип чыккан.

Баптардын мазмуну, алынган натыйжалардын берилиши илимий негизделген.

**8.** И.Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.23.662 диссертациялык кеңешине жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн жазылган Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары» деген темадагы диссертациясын алдын ала коргоого сунушталат.

Эксперт, педагогика илимдеринин доктору, доцент А.Ж.Ажибаева

А.Ж. Ажибаеванын койгон кол белгисн тастыктайм.

Диссертациялык кенештин окумуштуу

катчысы, п.и.к.,доцент: А.О.Абдыкапарова

КАДРЛАР БӨЛҮМУ
ОТДЕЛ КАДРОВ

22.11.2023г.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
ОК:
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ